УДК 821: 82-1 (575.2) ( 04)
DOI 10.53473/16946324_2024_3/2

**Кожобекова Гүлбүбү Сагынбековна,**
"Мамлекеттик жана чет тилдер" кафедрасынын
ага окутуучусу,
ОИӨК "Кыргызстан эл аралык университети"
**Кожобекова Гулбубу Сагынбековна,**
Старший преподаватель кафедры
"Государственного и иностранных языков"
УНПК "Международный университет Кыргызстана"
**Kojobekova Gulbubu Sagynbekovna,**
Senior Lecturer, Department of the State and English languages
ERPC "International University of Kyrgyzstan"
Тел.: + 996 772 487 045
E-mail: kojobekovagulbu@gmail.com

# Т.БАЙЗАКОВ МЕНЕН Б.АЛЫКУЛОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК БАЙЛАНЫШЫ

# ТВОРЧЕСКИЕ ОТНОШЕНИЯ Т.БАЙЗАКОВА И Б.АЛЫКУЛОВА

# CREATIVE RELATIONSHIP BETWEEN T. BAIZAKOV AND B. ALYKULOV

***Аннотация:*** *Макалада Түмөнбай Байзаков менен Барпы Алыкуловдун чыгармачылык байланышы, чыгармаларындагы идеялык-тематикалык жана философиялык, лирикалык багыттагы өзгөчөлүктөр көрсөтүлгөн. Өзү жашаган доордогу терс көрүнүштөрдү чыгармаларында чагылдыруу менен шакирти Т.Байзаковго чынчылдык, калыстык сапаттарды даңазалоо идеясын жана адамзаттагы баалуулуктарды философиялык багытта ачып берүү жөндөмүн калтырган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *чыгармачылык, сүйүү лирикасы, көз караш, мотив, акын, турмуш чындыгы.*

***Аннотация:*** *В статье показаны творческая связь Туменбая Байзакова и Барпы Алыкулова, идейно-тематические, философские и лирические особенности их произведений. Отражая в своих произведениях негативные стороны эпохи, в которой он жил, он оставил своему ученику Т.Байзакову идею прославления качеств честности и справедливости и способности раскрывать человеческие ценности в философском направлении.*

***Ключевые слова:*** *творчество, любовная лирика, взгляд, мотив, поэт, реальность жизни.*

***Annotation:*** *The article shows the creative connection between Tumenbai Baizakov and Barpy Alykulov, the ideological, thematic, philosophical and lyrical features of their works. Reflecting in his works the negative aspects of the era which he lived, he left to his student T.Baizakov the idea of glorifying the qualities of honesty and justice and the ability to reveal human values in a philosophical direction.*

***Keywords:*** *creativity, love lyrics, look, motive, poet, reality of life.*

Алгачкы акындык кадамды карама-каршылык курчуп турган татаал заманда баштаган Барпы апыз бир топ кыйынчылыктарды, тоскоолдуктарды көрдү. Анын ырларында өткөндү эңсөө, феодалдык түзүлүштү жоктоо жокко эсе. Тескерисинче, өзү жашаган доордогу ички былык дүйнөнү карапайым элге көргөзүп ырдап, калың журтту

келечектен үмүт үзбөөгө чакырып, алга умтулууга үндөгөн. Бир сөз менен айтканда, бүткүл өмүрүндө акындыктын зор үлгүсүн көрсөткөнгө арнаган ырчы болуп күнүмдүк жашоо, кара башы үчүн ырдабады.

“Калар бекен калкымда
Азбы, көппү ырларым.
Канат кылып өзүнө
Карыбас күндүн нурларын” деп белгилегендей, акындын жашоодогу жана чыгармачылыктагы максаты даана болгонун ырлары аркылуу айгинелейт. Күндүн нурун канат кылган ыр саптары мезгил өткөн сайын жашарып — элден элге, ооздон-оозго айтылуу менен шакирти Т.Байзаковдун эмгеги аркылуу салттуу поэзиянын катарына кошулду. Акындын максаты ыр жаратып коюу эле эмес — ырдын сапаты, мазмуну, идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү да маанилүү. Акын кайсы мезгил, кырдаалда болбосун чыгармачыл изденүүдөн талыкпайт. Барпы апыздын кайталангыс, уникалдуу талантынан жаралган бир топ чыгармаларды кагаз бетине түшүрүп, китеп кылып чыгарып, кыргыз окурмандарына жеткирүүдө шакирти Т.Байзаковдун ролу зор болгонун баса белгилеп кетүүбүз зарыл.

Октябрь революциясынан кийин эркиндикке ээ болгон кыргыз элинин кылымдап кош кыйноону тарткан жашоосунда жаңы дүйнө, жаңы заман, жаңы өмүр жаралып, бул жарык Барпы сыяктуу бир топ ырчыларды тумандан, караңгы түндөн бошотуп, чыгармачылык үнү мурункудан шаңдуу, бийик чыкты. Совет бийлигинин биринчи жарчысы катары кыргыз элинин жеңиши, коомдогу ар бир жаңылык ырларындагы негизги мотив болду.

“Барпы — адам табиятын; адамдын жараткыч улуу күчү менен дүйнөнү көрктөндүргөн асылдык сапатынан тартып, кыйраткыч жапандыгына чейин, Улукмандай мээрбандыгынан тартып, кан ичер мыкаачылыгына чейин Атантайдай жоомарттыгынан тартып, жер жуткан Карынбайдай сараңдыгына чейин ичкертен ачып, иликтеп берген зор психолог-философ” [1, 3-бет]. Малайлыктан кутулуунун жолун издеп, ыр дүйнөсүнө зор таланты менен баш баккан Барпынын кайсы ырын окубагын, анын кеңешчиси, таянычы — эл. Барпынын чыгармаларында жеке керт башына тиешелүү максат, ой-пикир айтылбастан — карапайым элдин мүдөөсү, ою айкалышуу менен ырчылык өнөрүн өнүктүргөн.

Б.Алыкуловдун ырлары кайсы мезгилге таандык болбосун конкреттүүлүгү, турмуш чындыгы менен байланыштуулугу, жөнөкөйлүгү менен баалуу, “сөздү сөзгө зергердей кынап” койгондугу менен өзгөчөлөнөт. Акындын баштапкы ырлары тематикалык жактан кеңири болбогону менен логикалык ой жагынан, реалисттик багыттан алып караганда жетилбеген деп айтууга болбойт. Анткени, анын ар бир ырында өзүнчө тыянак, өзүнчө маани бар. Барпынын көзү жакшы көрбөсө да кожо-молдолордун, эшендердин, соодагерлердин, кайыптардын ичиндеги кытмыр, арамза дүйнөнү түшүнүп, алардын былык иштерин эл алдына ырдап чыккан. Дин өкүлдөрүн, бай-манаптарды калк алдында шерменде кылып ырдоодо Барпы сыяктууларды эзүүчүлөрдүн ушагы да, таягы да, жада калса кедейлиги да коркута алган эмес. Тескерисинче өжөрлөнүп ырдоо менен күчөгөн. Ошол мезгилде Барпы жашаган айылга келген эшенге акынды коркутуп коюу маселесин айтышат. Эшен тегирмен ташты кылга байлап көрсөтүп, о дүйнөнү, диний ар түрдүү маселелерди айтып, тозок менен коркутуп Барпынын жүрөгүн түшүрмөкчү болгондо төмөнкү ыры менен уят кылат:

Олуя болсоң шал кылчы,
Кулагымды кар кылчы?
Мен билейин эшеним.
Кереметиң чын болсо,
Ажырашпай сен менен
Тең жүрөйүн эшеним [2, 16-бет]. Барпынын ар бир ырдаган ырында терең ой, терең мазмун бар. Өзү жашаган доордогу коомдук түзүлүштү, эзүүчү таптын былыктарын, дин

өкүлдөрүнүн карапайым калкты ажыдаардай ууландырып, соруп жаткандыгын эл алдына төкпөй-чачпай ашкерелеп, чыныгы жүздөрүн ачат. Мезгил өткөн сайын Барпы акындын дүйнөгө көз карашы кеңейип, калк арасындагы жат көрүнүштөрдү көрө баштайт. Мындай терс адаттарды айтып, туйбаганга туйдуруп, билбегенге билдирип коюу мойнундагы карызы деп түшүнөт.

Барпынын "Ушакчы", "Бузуку", "Питина" деген ырлары калк арасында чуу жаратып жүргөн "чуукуйруктардын" кыял-жоругун, бей-бечараларга салган салыктарын, аларды миң ушак ээрчип жүргөндүгүн көрсөтүп, сатирасынын курч найзасына сайып алып, калктын каарына кактап, желөпкөлөрдүн, жалганчылардын, келесоолордун өздөрүнө ылайыктуу мүнөздөр менен сүрөттөйт. Ар кандай мүнөздөрдү өздөштүрүү акынды турмуш чындыгынын сүрөтчүсү кылган. Көрүнгөн байларга чейрекер болуп, калк арасында жүрүү менен ар түрдүү даражадагы, ар кандай мүнөздөгү адамдарга жолугуп, азаптуу күндөрдү башынан өткөрүү аркылуу Барпы чындыкты тайманбай ырдап, бийлөөчү-эзүүчү таптын өкүлдөрүнө келишпес душман болуп, ошол мезгилдеги түзүлүшкө карата болгон көз карашын бекемдеген. Айрым мезгилдерде ырчылардын чөйрөсүнөн четте калганы менен ырдан четтей албаган.

1900-жылы бир топ ырчылар чогулган тойдо Барпы акын Нышан ырчы менен айтышууда байларды, болуштарды эл алдында "акараат" кылып, мартабаларына сөз тийгизет. Бул сыяктуу көрүнүштөр тез-тез кайталанганына байланыштуу түрк тилдериндеги бир нече ыр-казалдар менен тааныштыгы бар Молдо Ташмат Барпыга: "Корстук кылып жакшылардын назарынан калбасаң, сенден бир нерсе чыгат", – деп айтат. Ошол мезгилдеги Барпы менен кездешкен ырчылардын көбү санат ырларын ырдаган, кээ бирлери диний жакка ыктап, кээ бирлери жаратылыш көрүнүштөрүн, болмуштарды баяндаган. Барпынын ырларында чагылдырылган үнү окурмандын жүрөгүнө жетип, өзү жашаган коомдогу карапайым калктын күнүн, боздогон муң-кайгысын күүгө салып ырдаган. Ал жашоодогу көргөн кыйынчылыктарды же кубулуштарды ырдоо менен эле чектелбестен, келечекке үмүт менен караган. Ырларында "уу тырмактар" баткан кайгыдан элди эртели-кеч бир "азамат куткараарын" айтып, калың элди келечектен үмүт үзбөөгө чакырган.

Барпынын кыргыз улуттук поэзиясында кеңири таркап, көп айтылган ырларынын бири — "Аккан суу" чыгармасы. Бул темада Токтогул, Жеңижок, Ботобай сыяктуу бир топ акындар ырдап, бирок алган темасы бирдей болсо да ар кимиси өз дүйнө таанымына, философиясына, акындык кудуретине жараша чечмелеген. Токтогул "аккан сууну" жаратылыштын бир көрүнүшү катары баяндаса, Жеңижок дин менен байланыштырат. Ал эми Барпынын "Аккан суусу" жогоруда аты аталган акындардыкынан айырмаланып — суунун бардык касиеттерин "кудайдын кудуретисиз" карап, жашоо чындыгы менен байланышта сүрөттөйт, сууну Жер эненин бир баласы катары кабылдайт.

Барпы Алыкуловдун Күнгө арналган философиялык багыттагы ыры да жогорку поэтикалык деңгээлдеги чыгарма. Бул ырында акын адамдын да, жердин да, флора жана фауна дүйнөсүндөгүлөрдүн баарынын өмүрү — Күн деп эсептейт. Күндү ырларында өлбөстүктүн символу катары көрсөтүп, чыгармаларына Күндүн өлбөс нурларынан канат бүтүүсүн тилейт.

Ырчылык — Барпы акындын негизги кесиби болуу менен анын чыгармачылыгын ошол мезгилдеги ырчылардын арасынан Жеңижок өтө жогору баалаган. Токтогулга жолугуп, анын ар түрдүү ыкмаларга салган сынынан өтүп, улуу акындын көңүлүнө толгон. Токтогул менен кездешкенден кийин Барпы санат ырларын ырдап баштаган. Анткени, Токтогулдун тийгизген таасири анын чыгармачылыгына чоң бурулуш жасады. Бирок Барпы Токтогулдан айырмаланып анын чыгармачылыгын туураган жок, анын санаттарына өзүнчө көркөмдүк, боек, өзүнчө маани берип ырдады, өзү түшүнгөн турмуш чындыгы менен толуктады. Эки акындын тең "Дүнүйө" деген ыры такыр эки башка нукта жазылган. Тактап айтканда, сырткы түзүлүшү, ыр ырдоо ыкмасы жагынан окшоштук жокко эсе. Барпы Токтогулдан айырмаланып таптык мааниде — ыр ырдоо ыкмасын,

салыштырууларын өзүнчө курду. Токтогул дүнүйөнүн келишин, кетишин эки башка көрүнүштө ырдаса — Барпы акын бир эле көрүнүш аркылуу дүнүйөнүн келишин да, кетишин да башкачараак образда сүрөттөйт.

Токтогулда:
Келериңде дүнүйө,
Алтын така тулпарсың.
Кетериңде дүнүйө,
Артынан кууса жеткирбес
Айланып учкан шумкарсың.

Барпыда:
Келериңде дүнүйө,
Арыкка сууну бургандай,
Төрүндө жолборс тургандай.
Кетериңде дүнүйө,
Арыктын суусун тарткандай,

Төрүңөн жолборс качкандай. Жогорудагы эки акындын бир эле көрүнүштү чечмелөөдөгү ырын талдай турган болсок, биринчисинде: дүйнөнүн эки көрүнүшү эки түрдүү нерсеге — алтын така тулпарга, жеткирбес айланып учкан шумкарга салыштырылат. Дүнүйөнүн эки көрүнүшү эки түрдүү нерсе менен чечмеленет. Экинчисинде болсо дүнүйөнүн келишине, кетишине да бирдей гана түшүнүктөр алынып, алардын оң, терс жактары сүрөттөлөт. Кыскасы, Барпы акын Токтогулдун ырларын туурабады, тескерисинче аларга чыгармачылык өң берип ырдады. Мезгил өткөн сайын Барпынын ашыктыкка карата көз карашы өзгөрүп, кеңейип, соңунда бир топ сүйүү ырларын жаратты. Барпынын сүйүү темасындагы ырлары асмандап жүргөн салыштыруулардан, ашыктык сезиминен улам көз жашты көлдөтүп, муңга батуудан оолак. Ырлары оптимисттик багыты, таптык тыянагы менен өзгөчөлөнүп, кандай гана сүйүү лирикасын окубагын — андан жүрөктү ойготуп турган назик күү угулары шексиз. Барпы аз көлөмдөгү ыр менен чоң махабатты көрсөтүүгө аракеттенип, “Ичтеги дартты айдасак” аттуу алты сап ырында ички сезими да, пейзаж да, мөлтүр тунук таза сүйүү да өз ордун табат. Барпы Алыкуловдун Т.Байзаковго өткөрүп берген махабатты, сүйүүнү, ашыктыкты даңазалоо идеясы эки акындын ортосундагы чыгармачылык байланышын далилдейт.

“Акындын сүйүү ырларына төкмөлүк менен шыр чубатып айтуу мүнөздүү. Таамай сыпаттоолор, так уйкаштыктар, реалдуу көрүнүштөрдү ачык, даана сүрөттөө ырга жандуулук, сезимдүүлүк касиеттерин киргизет” [3, 144-бет]. Барпынын чыгармачылыгында сүйүү темасы негизги орунду ээлеп, ырларынын басымдуу бөлүгү сүйүүгө арналгандыгын баса белгилөөгө болот. Т.Байзаковдун чыгармачылыгында да сүйүү тематикасы негизги орунду ээлеп, устатынан алган таасирин индивидуалдуу өзгөчөлүгү менен өнүктүргөн.

Кыргыз жеринин көркөмдүүлүгүн күүгө салган Барпы сүйүү темасын чегине жеткире ачып бере алган талант. Анын “Өзгөчөм” аттуу лирикалык ыры элдик ырдын нускасында жазылып, бүгүнкү күндөгү аялдардын мүнөзүн сүрөттөйт, көркөмүн көкөлөтө ыр саптарына кошот. Ошол акын жашаган коомдогу көрүнүштү чагылдыруу менен бүгүнкү күндөгү жашоо-турмуштун мүнөзүн, образын сүрөттөгөнү — анын олуялыгы. Ал болочок замандагы элдин мүнөзүн, жашоо образын ошол өзү жашаган мезгилде эле туюп- билип, ырларына калтырып кетти. Демек, анын чыгармалары бүгүнкү күндө да актуалдуу, кайда барбасын акын күжүрмөн эмгекти даңктап, жалкоолорду куйкум ачуу сөздөрү менен уяткарат. Көздөн айрылса да сөздөн айрылбаган акындын чыгармачылыгы анын жеңиштеринин жарчысы болору анык.

“Илимден кемчил болуп
Өстүм өзүм.
Жазылсын кемчил болбой

Айткан сөзүм". – деген ыр саптарында бир жагынан ыр куроо техникасынын өзгөчөлүгүн көрсөтсө, экинчиден чабал жазылган ырдай сезилет. Рифма, муундук түзүлүш, ыр өлчөмү талапка жооп бербегени менен — улгайса да илимден, жаңылыктан артта калгысы келбеген сезимин билдирип, келечектеги жаштарды кандай гана кыйынчылык болсо да жеңүүгө чакырып, балдар ырчысы катары да чыгармачылыгын өнүктүргөн. Башка акындар сыяктуу эле согуш бүтөөрү менен Барпы да улуу жеңишти күүгө салып ырдап, айрыкча "Кыргыз эли" деген ырын элдин, жердин байлыгын, жеңишин, эмгегин, улуу салтын, эл достугун даңазалоого арнады. "Жигиттик" деген санат ыры Токтогулдун салтын улай жазылган — эр жигитти ар тараптан баатыр, сыйчыл, сылык болууга үндөйт. "Черің жазылат" аттуу ыры да ушундай эле формада жазылган.

Б.Алыкуловдун шакирти Т.Байзаков ыр саптары аркылуу устатына ички сезимин билдирет:

Барпы ырчыда албан ыр,
Басташалбайт жалган ыр.
Баалагандын дилине,
Бал сыяктуу тамган ыр [4, 160-бет]. Апыздын жанында бир топ жылдар чогуу жүрүп, акындык өнөрүн өзүнүн чыгармачылыгы менен жуурулуштуруп, натыйжасында эч кимге окшобогон индивидуалдуу өзгөчөлүк менен жараткан ыр, поэма, дастандарын Барпы акындан алган тажрыйбасынын натыйжасы деп баалоого болот. Устатынын төгүп ырдаган ырларынын жарымын Т.Байзаков өз оозунан угуп жазып калса, калган бөлүгүн эл арасынан жыйноо иши менен өмүрүнүн бир топ бөлүгүн өткөргөнү текке кетпегенин чыгармалары аркылуу далилдеди. Б.Алыкуловду илимий жактан изилдеген окумуштуу К.Даутов мындай дейт: "Түмөкең даанышман акын Барпынын улуу мурасын элге жеткирүү жагынан кыргыз маданиятынын тарыхына өчпөс изин түшүргөн адам. Ал өз милдетин өтөп кетти. Эми анын жасап берген иштерин өз-өз ордуна коюп, барктап, баалап алуу биздин милдет" [5, 535-бет]. Албетте, Барпынын чыгармачылыгы кандай терең изилденсе — Т.Байзаковдун чыгармачылыгы да ошондой деңгээлде изилденүүсү керек, анткени эки акындын таланты, чыгармачылык байланышы адабият таануу илиминде иликтенчү маселелердин бири.

Барпы көздүн кымбат баалуулугун, баркын көркүнө чыгара сүрөттөйт. Ал эч качан көзү жоктугуна майышкан эмес, ар дайым көкүрөгү тунук акын катары өзү сыйлаган партиянын жолунда көздүүдөй жүрөрүн баса белгилейт. Ал көзүнөн ажыраса да, ырдан ажыраган жок. Өзүнө болбосо да ырына өмүр, ден соолук тиледи. Акын адашкан жок, анын "өлбөс өнөрү жерде калбады", күндөн күнгө жашарып, улам жаңы гүлдөрүн ачууда. Анын "күн нурларын канат кылган" өлбөс-өчпөс ырлары кыргыз адабиятында түбөлүк мураска калды.

Адабий сынчы С.Жигитов акын болуу канчалык кыйын экендигин төмөнкүдөй пикири аркылуу билдирет: "Акынды бийлеген эмоциялар канчалык терең, күчтүү болсо, анын ички дүйнөсү канчалык мазмундуу болсо, граждандык абийири канчалык таза болсо, дүйнөгө көз карашы доордун алдыңкы идеялары менен канчалык тыгыз айкалышса, акындын идеалы, ою, сезимдери окуучунукуна ошончолук жакын туруп, ошончолук таамай дал келет, б.а., ырдагы объективдүүлүктүн элементтери ошончолук көп болот" [6, 15-бет]. С.Жигитов жогоруда белгилеген акындык сапатка тиешелүү көрсөткүчтөр Барпыда ашыгы менен болгондугун танууга болбойт. Анткени, орус окумуштууларынын кызыгуусун арттырган Барпынын чыгармачылыгы жогорку деңгээлде турат деп баалоого негиз бар.

Барпы айтыш өнөрүнүн бардык түрлөрүн чегине жеткирип, кыргыз санжырасынын тарыхынан тартып Чыгыш маданиятынан канчалык деңгээлде маалыматы бардыгын айкын чагылдырган чыныгы ойчулдук, уламалык, ийкем тапкычтык универсализм үлгүнү санат, табышмакка дейре көтөрүп чыгышкан нукура алп, аңыз акын. Анын "махабат" темасындагы ырлары Чыгыштын Хафиз сыяктуу көсөм шайырлары жеткирген бийик деңгээлдеги чыгармачылыгы менен айырмаланган уникалдуу талант. Бүткүл араб жана

түрк, фарсы тилдүү элдердин ичинде сейрек кездешкен асыл дүйнөнүн таасирдүү, нары жандуу үлгүсүн жаратып, бир топ элдердин көркөм-руханий дүйнөсүн бир адамдын жан дүйнө стихиясына айландыра алган, кыргыз-кыпчак маданияты менен Чыгыш маданиятын кыйыштырган "поэзия багбаны" деп атоого болот. К. Даутов айткандай, "Барпы — өлүм менен өмүрдөн, караңгы менен жарыктан, күлкү менен ыйдан, махабат алоосу менен жашоо кумарынан куралган оопасыз дүйнөнүн өзөктүү байланыш нокотторун таамай кармап айткан кеменгер, тубаса, көрөгөч акын".

Барпынын сүйүү ырлары мейли маани жагынан, мейли түзүлүшү жагынан болсун, биринен экинчиси айырмаланып турган чыгармалар. Тагыраагы, биринчисинде айтылган ой кийинкисинде кайталанбайт. Мисалы: "Гүл кыздар" аттуу ырын окуп отурсаң, эже-сиңди эки кыздын сүрөтү көз алдыга даана тартылып, эки гүлдүн ашыгы болгон лирикалык каарман үчүн экөө бирдей сулуу. Бирин экинчисине салыштыруу менен күүгө салып, бири кыздын сулуусу болсо, бири кыздын нурлуусу деген сыяктуу метафораларды айкалыштыруу менен рифманын талаптарына жооп берген ыр саптарын курайт. "Коноюн", "Алтын", "Мөлмөлүм", "Ак жылдыз", "Арзыкан", "Мырзайым", "Дилварим", "Буракжан", "Лөлүкан" аттуу диалектилик сөздөрдүн уйкаштыгынан турган ырлары жогорку деңгээлдеги көркөмдүүлүгү, өзүнчө оригиналдуулугу, таптык тыянактуулугу менен окурмандарга жагымдуу. Өзгөчө "Мөлмөлүм" аттуу ырындагы поэтикалык табылга, поэтикалык күч жана тыянак ар бир окурмандын көңүлүн өзүнө бурдуруп, кызыктыруу менен саптан сапка ээрчитип жүрүп отурат. Ал үлгү, терме ырларынан тартып сатиралык ачуу саптарга чейин адамдын жан дүйнөсүн тазарткан, ыйман тазалыгына, топуктукка, акыйкаттыкка, калыстыкка ак кызматын өтөөгө чакырып, ал үчүн тынбаган күрөштө өткөн нукура элдик таалимчи-педагогдун үлгүсү.

Барпы акын кыргыз тилинин сөздүк корун түрдүү угум, түркүн маани, туюмдар менен байыткан — кыргыз маданиятындагы мукамдуулук, музыкалуулук, ийкемдүүлүктү арттырууга зор салым кошкон жандуу казына. Ал Батышта эки жарым миң жыл, Чыгышта үч миң жылдан бери кагаз бетинде ырдалып, изилденип келе жаткан эротикалык дүйнөнүн өзгөчө табиятын ачкан чыныгы физиолог жана психолог-патолог акын.

Бул багытта да адамзат жашоосунун бир кыры иликтенгендиги ырас. Акындык өнөрүнөн сырткары кимге болсо да айтчу сөзүн түз айтып, талабын түз койгон, ачуу трагедияга басынбаган, эрки күчтүү, көздөгөн мүдөөсүнөн кайтпаган, ашкере чынчыл, масштабдуу личность экендигин К. Даутов белгилейт. Барпы өз өмүрүндө чыгармачылык жана адамдык үлкөн тагдырга ээ болгон, кылымдар менен сынашкан асыл дүйнөнү жаратып кетти.

Т.Байзаковдун "Кыргыз жери" аттуу ыры расмий эмес, элдик Гимн катары калыптанса, Барпынын "Ак Саткын менен Кулмурзасы" сүйүү жөнүндөгү Гимнге айланды. Шакирти "Кыргыз жери" ыры, "Паризат" дастаны аркылуу өзүн көрсөткөндөй — Барпы бүткүл жөндөмүн, поэтикалык күчүн ушул поэма аркылуу көрсөтө алды. Мындан сырткары Барпынын чыныгы талантын даңазалаган чыгармалары бүгүнкү күндө да ырдалып келет. Бүгүнкү күнгө чейин жеткен материалдарга караганда Барпынын Октябрь революциясына чейинки жазылган ырлары "Ала Тоо көрккө келбейт эл болбосо" аттуу ыры менен бүтөт. Философиялык ой жүгүртүүлөрдү камтыган, реалдуу турмушту сүрөттөгөн ырларында "эл болбос" жерде "көрк болбойт" деген тыянагын чыгарат.

Барпы акындын Октябрь революциясына чейинки ырлары акындын башынан өткөргөн азаптуу оор күндөрүн, ошону менен катар назик лирикасын, майтарылбас кайратын, ошол эле маалда куйкумдуу сатирасын чагылдыруу менен келечектеги үмүтүнө саякат жасатат. Кээде акындын көргөн азабына кайгырган окурман айрым учурда ийгилигине кубанат.

Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын таңы аткан мезгил жаш акын Барпынын ырына ыр, күчүнө күч, үнүнө үн кошуп, башынан өткөргөн оор күндөрү менен жаңы жыргалдуу заманды салыштырат. Акын жаңы замандын даңктуулугун ыры аркылуу эле даңазалап отуруп калбастан — анын күрөшчүсү, активдүү куруучусу катары ар дайым аракетте болот. Көркөмдүгү жагынан жогорку пафостогу, саясий мааниси жагынан күчтүү мазмундагы ырларында агитатор катары патриоттуулукка үндөп, сөзү, ыры, талыкпас

кайраты аркылуу кордук көргөн душмандарынын мизин кайтарып, чыгармачылыгы аркылуу жеңишке жетишет.

Барпы таланттуу жарчы-агитатор болуп, таптык душмандарга элдин ичиндеги анча-мынча эскинин калдыктарына каршы ачык күрөш жүргүзүп, ден соолугунун начарлаганына карабай жаңы заман, жаңы турмуш үчүн күрөшкөн алдыңкы катардагы активисттерден болду. Анын өмүрү, ырлары, күрөшү да элге таандык. Көз ооруусу күчөгөнүнө карабай көкүрөгү ачык бойдон жаңы ырларды чыгаруудан калбай, эки заманды салыштырууга арнаган чыгармачылыгындагы өзгөчөлүгү аркылуу эски замандын чириген жактарын ачып көрсөтүп, жаңы замандын берген жеңишин даңазалоо менен “Мен көргөн күндөр”, “Зарладым өткөн заманда”, “Өткөн күнүм”, “Биз”, “Эки заман тууралуу ыр” аттуу ырларында жаңы менен эскинин ортосундагы тарыхый чындыкты баяндайт. Ал эми шакирти Т.Байзаков да согуштан алган майыптыгына карабай бүткүл күчүн поэзияга жумшап, майтарылбас духу менен патриоттук темадагы ырларды жаратты. Кыргыз Эл акыны А.Токомбаев Барпыны жазгыч акын катары эсептеп, сезиминин күчтүүлүгүн, бүт жаңылыкты бат өздөштүрүп ала турган киши болгондугун эскерет. Көзсүз кишинин дили сабаттуу болорун, мындай өзгөчөлүктү эстен чыгарууга болбостугун, Барпынын суу кошпой ырдаган төкмөлүгүн баса белгилейт. Акындын “Айт-айт десе ааламды айт” аттуу ырын рифмалык уйкаштык менен катар интонациялык өзгөчөлүктөргө ээ болгон философиялык маанидеги чыгарма деп баалоого болот.

Барпынын чыгармачылыгын жыйноо ишинде жана калың элге таанытууда К.Даутовдон сырткары эл арасындагы көрүнүктүү адамдар К.Акылбеков, Ж.Таштемиров, Б.Парпиева, К.Маликов, К.Баялинов, М.Борбугулов, Т.Шамшиев, И.Сарманова, У.Абдукаимов, Ж.Эгенбердиев, А.Чоробаев, Т.Саманчиндер салым кошушкан. Жыйнала элек ырлары да көп. Т.Байзаков Б.Алыкуловдун эки китебин ( 1955, 1957) түзүп чыгарган.

Чыгыш маданиятында зор орду бар, албан кырдуу эки алп акындын энчилерин толук алып бүтө электиги — илимий изилдөөчүлөрдүн эки акындын чыгармачылыгын толук изилдеп бүтө электиги деп айтууга болот. Барпы аалам менен ойлонуп, аалам курулушунун сырларын ачып ырдап, даанышман санаттарында классикалык философияны чагылдырган кайталангыс феномен. Т.Байзаков менен Барпы Алыкуловдун чыгармачылык байланышы бири-бирин тааныгандан баштап, өмүрлөрүнүн акырларына чейин созулуп, натыйжада шакиртинин устатынын чыгармачылыгын түрк дүйнөсүнө чейин таанытуу менен кыргыз улуттук поэзиясына да салым кошкондугу анык.

Корутундулап айтканда, Барпынын Барпы болушуна салым кошкон адабий ишмер катары Т.Байзаковдун адабият ааламына кошкон салымы зор. Барпы десе Байзаковду, Байзаков десе Барпыны түшүнгөн окурмандар үчүн адабият ааламында эки залкар акындын тең чыгармачылык орду салмактуу экендиги талашсыз. Эки жердеш залкар акындардын өмүр чыгармачылыгын изилдөө иши дагы да алдыда деп жыйынтыктоого болот.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1. Барпы, чыгармаларынын бир томдук жыйнагы, “Кыргызстан” басмасы, Фрунзе-1970, Коомдук башталышта түзгөн Т. Байзаков, 288 б.
2. Байзаков Түмөнбай, Б-19, “Сулуусуң кыргыз жери, ырдан бүткөн... “ Тандамал ырлар. – Б.: “Бийиктик”, 2003
3. Байзаков Т. Чыгармаларынын толук жыйнагы / Ы. Жабиров – Бишкек, – II том. 2023. – 560 б.
4. К.Асаналиев, Байходжоев С., Таштемиров Ж., Кебекова Б.Б., Мусаев С. “Акындар

чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери", "Илим" басмасы, 1988
5. Кыргыз поэзиясынын антологиясы: 2 томдон турат: 2-китеп / Түз. С. Акматбекова, С. Тургунбаев, Т. Самудинов; Сүрөтчүсү Т. Курманов.-Б.: "Кыргызстан-Сорос" фонду, 2000.- 528 б.
6. Салижан Жигитов, Ырлар жана жылдар (адабий-сын макалалар), "Кыргызстан" басмасы, Фрунзе-1972, 179 бет